2026-ж. 19-ноябрда,
саат 13:00 дө.

БИЛИМ БЕРҮҮ ЖАНА ИЛИМИЙ ИЗИЛДӨӨ МЕЙКИНДИГИН КЕҢЕЙТҮҮДӨ ЖАСАЛМА ИНТЕЛЛЕКТТИН ТААСИРИ ЖАНА РОЛУ

Конференция төмөнкү секцияларды камтыйт:

Фундаменталдык жана колдонмо изилдөөлөрдөгү интеллектуалдык технологиялар жана жасалма интеллект моделдери.

Билим берүүнүн жана жекелештирилген окутуунун сапариптик трансформациясы.

Конференциянын жумушчу тилдери:
кыргыз тили, орус тили, англис тили

Катышуунун формалары жана регламенти:
катышуу офлайн жана онлайн форматтарда
пленардык жыйында сүйлөгөн сөз (5-7 мин.)

Каттоо (18-ноябрга чейин)**:**

https://forms.gle/vE2JTW1V4h6Zy57v9

МААЛЫМАТТЫК КАТ

Ж. Баласагын атындагы Кыргыз улуттук университетинин Компьютердик технологиялар жана жасалма интеллект институту, Кыргыз-Жапон Адамдык өнүгүү борбору (KRJC) менен биргеликте, 2026-жылдын 19-ноябрында **«Билим берүү жана илимий изилдөө мейкиндигин кеңейтүүдө жасалма интеллекттин таасири жана ролу»** *аттуу Эл аралык илимий-практикалык конференцияга чакырабыз!*

Эл аралык илимий-практикалык конференция жасалма интеллект (ЖИ) технологияларынын глобалдык өнүгүү тенденцияларын, алардын илимий-изилдөө чөйрөсүндөгү, билим берүү системаларындагы жана сапариптик трансформация процесстериндеги ордун комплекстүү талдоого багытталган фундаменталдык жана колдонмо маанидеги академиялык аянтча болуп саналат.

Иш-чаранын негизги максаты – академиялык чөйрөнүн, алдыңкы изилдөөчүлөрдүн, профессордук-окутуучулук курамдын, жаш окумуштуулардын жана IT-индустрия өкүлдөрүнүн ортосундагы дисциплиналар аралык илимий диалогду активдештирүү, инновациялык концепцияларды алмашуу жана стратегиялык эл аралык кызматташтыкты бекемдөө.

Конференциянын негизги илимий багыттары:

1. Жасалма интеллект жана машиналык окутуу технологиялары
2. Билим берүүнү сапариптештирүү жана заманбап билим берүү экосистемалары
3. Интеллектуалдык маалыматтык системаларды долбоорлоо жана интеграциялоо
4. Чоң маалыматтарды (Big Data) аналитикалык иштетүү методдору
5. Генеративдик моделдер жана алардын илимий-изилдөөдөгү потенциалы

Конференциянын алкагында жогорудагы артыкчылыктуу багыттар боюнча пленардык жыйын, секциялык баяндамалар жана эксперттик панелдик дискуссиялар уюштурулат.

Аталган иш-чара заманбап технологиялык чечимдерди билим берүү практикасына жана илимий-изилдөө чөйрөсүнө натыйжалуу имплементациялоонун теориялык негиздерин, методологиялык аспектилерин иштеп чыгууга жана эл аралык деңгээлде тажрыйба алмашууга олуттуу өбөлгө түзүлөт.

Өткөрүлүүчү орду: Бишкек, Фрунзе көчөсү 547, Жусуп Баласагын атындагы Кыргыз улуттук университетинин, №1башкы имараты чоң жыйындар залы,
тел: +996555657921, +996509233939